ОБСЕ Организация по безопасности и сотрудничеству в Европе
Программный офис в Бишкеке

Гражданская платформа

# Шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жазык жоопкерчилиги (КЖК, ЖжК, ЖПК)

1-сессия. Шайлоо мыйзамдарын бузуу үчүн жазык жоопкерчилиги

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

*(2020-жылдын 24-июлундагы № 88 КР Мыйзамынын редакциясында)*

**17-глава. Адамдын жарандык, саясий жана социалдык-экономикалык укуктарына каршы жоруктар**

**87-берене. Шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү**

- Референдумдун, Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же **жергиликтүү кеңештердин депутаттарын,** буга тете эле, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын башчыларын шайлоонун убагында референдумдун же **шайлоонун натыйжаларына таасир тийгизүү максатында шайлоочунун башка адам үчүн добуш берүүсү**, буга тете эле ошол эле максатта ушундай **аракеттерге кошо катышуусу,** -
- II категориядагы айып пул (30.000 ден 60.000 сомго чейин) түрүндөгү жазага алып келет.

**87-1-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу**

- 1. Шайлоону жана референдумду даярдоонун, өткөрүүнүн жүрүшүндө, добуш берүү күнү талапкерди, талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында ***талапкерлердин*, мамлекеттик жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын *жетекчилеринин* административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануусу**, -

II категориядагы айып пул түрүндөгү от (30.000 ден 60.000 сомго чейин жазага алып келет.

- 2. **Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери**, ошондой эле 30 пайыздан ашык мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү бар уюмдардын жетекчилери жасаган ошол эле жосун, -

**белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу** менен II категориядагы айып түрүндөгү (30.000 ден 60.000 сомго чейин) жазага алып келет.

*Эскертүү:*

***«Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануу*** - бул талапкерлер, кызмат адамдары, мамлекеттик жана муниципалдык уюмдардын жетекчилери, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын мүчөлөрү жана уюштуруучулары алар мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчыларды же мамлекеттик, муниципалдык ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан ашкан ишканалардын жумушчуларын, финансыны жана аны бөлүштүрүүнү контролдоосунун натыйжасында алынган бардык талапкерлердин теңдигин бузган тигил же бул талапкерлерди, саясий партияларды колдоонун саясий же башка формаларына өзгөрүп кетиши мүмкүн болгон адамдык, финансылык, материалдык, медиалык, институционалдык ресурстарды шайлоодо укук ченемсиз пайдалануу.».

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө КР мыйзамы
(2011-жылдын 14-июлу N 98)

## 17-1-берене. Административдик ресурсту кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестик

- **2. Административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануунун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:**

**1)** талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн **карамагындагы же башка кызматтык көз карандылыкта турган адамдарды, башка мамлекеттик же муниципалдык кызматчыларды, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо мекемелеринин кызматчыларын тартуу;**

**2)** **эгерде башка талапкерлер ушул эле жайларды ушундай эле шарттарда пайдалана албаган учурда**, талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн **мамлекеттик органдар же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ээлеген жайларды пайдалануу**;

**3)** талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн мамлекеттик мекемелердин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштөөсүн камсыз кылуучу **телефондук, факсимиле жана башка байланыш түрлөрүн, маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдү, уюштуруу техникасын пайдалануу;**

4) талапкерди көрсөтүүгө жана (же) шайлоого өбөлгө болгон ишти жүзөгө ашыруу үчүн **мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган транспорттук каражаттарды акысыз же жеңилдетилген шарттарда пайдалануу**;

5) **кызматтык иш сапарлардын** жүрүшүндө мамлекеттик кызматчылардын же муниципалдык **кызматчылардын кол чогултуусу, шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүсү**;

6) кол чогултуу же шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүү максатында **жалпыга маалымдоо каражаттарын артыкчылыктуу пайдалануу (башка талапкерлерге салыштырганда**);

7) мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурган массалык (коом алдындагы) **иш-чаралар өткөндө үгүттөөчү сөз сүйлөө;**

8) шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде жалпыга маалымдоо каражаттарында, үгүттөөчү басылма материалдарда аткарылган иштер жөнүндө отчетторду жарыялоо, талапкердин атынан тиешелүү **шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнбөгөн куттуктоолорду жана башка материалдарды таркатуу**.

- **87-2-берене. Шайлануучу кызмат ордуна талапкердин билип туруп анык эмес маалыматтарды берүүсү**

1. Кыргыз Республикасынын Президенттигине талапкер, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, **жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер**, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысынын кызмат ордуна талапкер тарабынан ***билип туруп*** **шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган анык эмес маалыматтарды, документтерди, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу документти берүүсү, ошондой эле талапкерликке көрсөтүү, каттоо жана шайлоо үчүн тоскоолдук кылуучу маалыматтарды жашыруусу**, -

I категориядагы айып пул түрүндөгү (20.000 ден 30.000 сомго чейин) жазага алып келет.

2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалган ошол эле жосун, -

белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы айып түрүндөгү (20.000 ден 30.000 сомго чейин) жазага алып келет.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК КОДЕКСИ

***(2020-жылдын 24-июлундагы № 88 КР Мыйзамынын редакциясында)***

## 29-глава. Адамдын саясий жана башка укуктарына каршы кылмыштар

- **191-берене. Шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу**

1. **а)** Жарандын өз шайлоо укуктарын же референдумга катышуу укугун эркин жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылуу, **б)** добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуу, -

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып салууга жазаланат.

- **«2**. Шайлоо комиссияларынын, референдум өткөрүү боюнча комиссияларынын ишине шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын, же болбосо шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча ***комиссиянын мүчөсүнүн өз милдеттерин аткаруу менен байланышкан ишине кийлигишүү жолу менен, анын ичинде алардын чечимдерине таасир көрсөтүү максатында*** **кызмат ордун же кызмат абалын пайдалануу менен тоскоолдук кылуу**, атап айтканда, кызмат адамынын талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин каттоо, шайлоочулардын, референдумга катышуучулардын добуштарын эсепке алуу маселелери же башка маселелер боюнча талап коюу же көрсөтмө берүү, же болбосо, шайлоо процессинде колдонулуучу мамлекеттик маалымат системаларынын ишин бузууга атайылап аракет жасоо же маалыматтарын бурмалоо, -
- IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып пул салууга жазаланат.

- **3.** Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар тарабынан жасалган ошол эле жосундар, -
- IV категориядагы түзөтүү жумуштарына же V категориядагы айып пул салууга жазаланат.";

- **192-берене. Шайлоочуларды сатып алуу**
- 1. Шайлоо өткөрүү мезгилинде **акчалай каражаттарды төлөп берүү, же болбосо таратуу, материалдык баалуулуктарды тапшыруу же кандайдыр-бир кызматты же башка байгерчиликти алууга өбөлгө түзүү** жолу менен шайлоочуларды сатып алуу -
- IV категориядагы айып пул салууга жазаланат.
- 2. Кыргыз Республикасынын Президенттигине **талапкер,** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына **талапкер,** мамлекеттик бийликтин шайлануучу башка органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына **талапкер,** ошого тете талапкердин **жубайы, жакын туугандары жана ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары** тарабынан жасалган ошол эле жосун -
- V категориядагы айып пул салууга же 1 категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

- **193-берене. Шайлоо өнөктүгүн каржылоо тартибин бузуу**

Талапкердин, саясий партиянын, шайлоо өнөктүгүн референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ишин каржылоонун тартибин төмөнкүлөрдү жасоо менен бузуу:

1) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжага жетүү максатында**, тиешелүү фондду кыйгап өтүү менен талапкерге, саясий партияга**, референдум өткөрүү боюнча **демилгечи топко ири суммадагы акча же башка материалдык каражаттарды берүү;**

2) шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаларга жетүү максатында **шайлоо фонддоруна, референдум фонддоруна *которулбаган* ири суммадагы акча каражаттарын чыгымдоо;**

3) шайлоо же референдум менен түздөн-түз же кыйыр байланышкан жана шайлоодо же референдумда белгилүү натыйжаны алууга же референдум демилгесин жылдырууга багытталган, **тиешелүү шайлоо фондунан акысын төлөөсүз же тиешелүү шайлоо фондунан негизсиз төмөндөтүлгөн баада акы төлөө менен ири өлчөмдө жүзөгө ашырылган акы төлөнүүчү жумуштарды аткаруу, товарларды сатып өткөрүү, акы төлөнүүчү кызматтарды көрсөтүү;**

4) **алмаштыруучу адамдар (подставные лица)** аркылуу шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда _, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4 жылдан 5 жылга чейин) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып салууга (220 000 сомдон 260 000 сомго чейин) же I категориядагы айып салуу менен ( 2 жыл 6 айга чейин) I категориядагы эркиндигинен ажыратууг а(60 000 сомдон 100 000 сомго чейин) жазаланат.

Эскертүү. Ушул Кодекстин 193 жана 194-беренелеринде ири өлчөм деп 500 000 сом. кем эмес түзгөн акчанын суммасынын өлчөмү, мүлктүн же мүлктүк мүнөздөгү пайданын наркы таанылат.

# Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө КР мыйзамы

(2011-жылдын 14-июлу N 98)

## 55-берене. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонду

1. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн ушул Мыйзамда белгиленген тартипте өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт.

2. Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

2) саясий партиянын өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

3) жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

4) юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 3000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен саясий партиянын чыгымдарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 150000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

3. Ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шаарларды албаганда, шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкердин өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;

2) саясий партиянын өз каражаттарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

3) жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

4) юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 2000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен саясий партияларынын чыгымдарынын чектик суммасы эсептик көрсөткүчтөн 50000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

# Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө КР мыйзамы

(2011-жылдын 14-июлу N 98)

## 61-берене. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкердин шайлоо фонду

1. Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлер өзүн өзү көрсөткөн учурдан тартып, ошондой эле саясий партиялар талапкерлерди көрсөткөн учурдан тартып, ушул Мыйзамдын 15-беренесинде белгиленген тартипте шайлоо кампаниясын финансылоо үчүн шайлоо фонддорун түзөт.

2. Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) талапкердин өз каражаттарынын, алар эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;

2) саясий партия тарабынан бөлүнгөн каражаттарынын, алар эсептик көрсөткүчтөн 1000 эседен ашышы мүмкүн эмес;

3) жеке жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес;

4) юридикалык жактардын кайрымдуулуктарынын, алардын өлчөмү эсептик көрсөткүчтөн 500 эседен ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен талапкердин чыгымдарынын чектелген суммасы эсептик көрсөткүчтөн 5000 эседен ашышы мүмкүн эмес.

**194-берене. Шайлоо же референдум өткөрүүдө каражаттарды мыйзамсыз пайдалануу**

**Талапкердин, саясий партиянын талапкеринин** же референдум өткөрүү боюнча **демилгечи топтун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн**, **алардын каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн** төмөнкүдөй жолдор менен жасаган аракеттери:

1) шайлоо фондуна, референдум **фондуна түшпөгөн каржы же материалдык каражаттарды** шайлоо өнөктүгүн өткөрүү же референдумду өткөрүү демилгесин жылдыруу максатында **ири өлчөмдө пайдалануу**;

2) шайлоолор жана референдумдар жөнүндө мыйзамдарда **тыюу салынган жана атайын шайлоо эсебине,** референдум фондусунун атайын **эсебине которулган кайрымдуулук каражаттарын ири өлчөмдө чыгымдоо**, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга (4 жылдан 5 жылга чейин) же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 5 айдан 3 жылга чейин), же V категориядагы айып салууга (60 000 сомдон 100 000 сомго чейин) жазаланат.

**195-берене. Шайлоо документтерин бурмалоо**

1. Шайлоо документтерин, референдум документтерин бурмалоо, добуштарды билип туруп туура эмес эсептөө же шайлоонун, референдумдун натыйжаларын **билип туруп туура эмес белгилөө, эгерде бул жосундар <u>шайлоо комиссиясынын, референдум өткөрүү боюнча комиссиянын мүчөсү, талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү, ишенимдүү адамы, ошого тете саясий партиянын, референдум өткөрүү боюнча демилгечи топтун ыйгарым укукту өкүлү</u> тарабынан жасалса**, -

IV категориядагы түзөтүү жумуштарына (2 жыл 6 айдан 3 жылга чейин) же V категориядагы айып салууга (220 000 сомдон 260 000  сомго чейин) же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен I категориядагы эркиндигинен ажыратууга (1 жылдан 2 жылга чейин) жазаланат.

2. Төмөнкүлөр жасалган ошол эле жосундар:

1) шайлоо комиссиясынын же референдум өткөрүү боюнча **<u>комиссиянын төрагасы, төрагасынын орун басары, катчысы тарабынан</u>**;

2) **<u>алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу менен</u>**, -

VI категориядагы айып салууга (260 000 сомдон 300 000 сомго чейин) же эки жылга чейинки мөөнөткө белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен **<u>II категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.</u>**

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө КР мыйзамы (2011-жылдын 14-июлу N 98)

## 2-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу түшүнүктөр

- **шайлоо документтери** - шайлоочулардын тизмелери, анык, анык эмес, пайдаланылбаган (жоюлган), бузулган (каталар менен толтурулган) бюллетендер, ошондой эле идентификациялоодон өткөнү жөнүндө чектер, идентификациялоо боюнча баштапкы жана жыйынтык отчёттор, автоматтык эсептөөчү урнанын нөлдүк жана жыйынтык отчеттору, шайлоо комиссияларынын протоколдору, алардын шайлоо маселелери боюнча чечимдери, талапкерлердин, саясий партиялардын каттоо документтери, добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө жыйынды таблицалар;

# Жазык кодекси

**320-берене. Кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу**

1. Кызмат адамы тарабынан өз кызмат абалын кызматтын кызыкчылыктарына каршы пайдалануусу, атайылап же этиятсыздыктан **олуттуу зыян келтирсе**, -

IV категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же IV категориядагы түзөтүү жумуштарына, же V категориядагы айып салууга, же I категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

**233-берене. Коммерциялык же башка уюмда ыйгарым укуктарын кыянаттык менен пайдалануу**

1. Коммерциялык же башка уюмда башкаруу функциясын аткарган адамдын өзүнүн ыйгарым укуктарын ушул уюмдун кызыкчылыгына каршы жана пайда көздөө же өзү же башка адамдар же уюмдар үчүн артыкчылыктарды алуу же башка адамдарга же уюмдарга зыян келтирүү максатында колдонуусу, эгерде бул атайылап же этиятсыздыктан олуттуу зыян келтирсе, -

IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же IV категориядагы айып салууга жазаланат.

- **КР ЖАЗЫК КОДЕКСИ**

**Ушул Кодексте колдонулуучу терминдердин мааниси**

1. **Олуттуу зыян** - ушул Кодексте каралган кылмыш курамынын белгиси катары көрсөтүлбөгөн учурда, төмөнкү кесепеттер кирет:

**2) адамдын жана жарандын конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин бузуу**;